№ 54 Т.Сарыков орто мектеби

# Ачык сабактын иштелмеси

## Технология сабагы

## 6-класс

## Тема: Гүл өстүрүүчүлүктүн негиздери. Декоративдик бактарды жана бадалдарды өстүрүү.



2021-2022-окуу жылы

Мугалим: Мамашова К.

**Сабактын темасы**: Гүл өстүрүүнүн негиздер.

Декоративдик бактарды жана бадалдарды өстүрүү.

**Сабактын максаттары**:

**Билим берүүчүлүк**:Окуучуларды айлана- чөйрөнү жашылдандыруу боюнча жазгы иштер менен тааныштыруу.Эстетикалык табиттерин арттыруу.

**Өнүктүрүүчүлүк**:Интелектуалдык билгичтиктерин өнүктүрүү(анализдөө,салыштыруу,жалпылоо) логикалык ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзүү.

**Тарбиялык**:Жазгы иштерде ,огороддо иштөө учурунда так жана ыкластуу болууга,айлана чөйрөгө аяр мамиле жазоого,эмгек тартибин жана маданиятын сактоого үйрөтүү.

**Сабактын тиби**: топторго бөлүү.

**Окутуунун усулдары**:иллюстративдик түшүндүрүү,репродуктивдүү изилдөөчүлүк.

**Предмет аралык байланыш :**

Тарых,информатика,биология.

**Материалдык техникалык жабдуулар**:компьютер,интерактивдүү доска,окуу китеби,сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Саламдашуу: Уюштуруу бөлүгү
2. Окуучуларды жоктоо жана алардын сабакка даярдыгын текшерүү:
3. Сабактын темасын жана максаттарын түшүндүрүү;
4. Өтүлгөн материалдарды кайталоо(таяныч билимдерин актуалдаштыруу);
5. Окуучуларга карточкаларды таратуу:

1.Кандай куруучулук кесиптерди билесинер?

2.Үйлөр кантип курулат?

3.Кыш курулуш материалдары канча классификацияга бөлүнөт?

4.Металл конструкцияларынын жардамы менен курулуштардын артыкчылыгы кандай?

5.Сен жашаган жерде кайсы жасалма жана табигый материалдар курулуш иштеринде колдонулат?

.Үйдү курууда жыгач уста кандай жумуштарды аткарат?

Топторго бөлүү:

.Топ Геран гүлү.

.Топ Роза гүлү.

Жаңы теманы түшүндүрүү:

Жыл мезгилдеринин ичинен гүл отургузууга ыңгайлуу мезгил болуп саналат. Жазында ачык жерге көпчүлүк өсүмдүктөр: бир жылдык түрүнөн баштап,ар кандай бадалдар,жаңы өсүп чыккан өсүмдүктөрдүн көчөттөрү отургузулат.Алардын жашы 1-3 жылга чейин болот. Канчалык көчөт жыш болсо ошончолук жерге тез ыңгайланышат. Ийне жалбырактуу жана дайыма жашыл болуп өскөн өсүмдүктөрдү көчүрүп отургузуу жалбырактуу өсүмдүктөргө караганда өспөй калуу коркунучуна көбүрөөк дуушар болушат.Ийне жалбырактуу бактарды жана бадалдарды тамыры жабык түрүндө ган отургузуу зарыл.Эгерде карагайдын же арчанын көчөтүн отургузам десенер тамыры,топурагы менен болушу керек.Кооздук үчүн арналган бактардын,бадалдардын,гүлдөрдүн көп түрү бар.Мисалы:биз билген эле үй карагатын алалы,ошондой эле тобу менен өстүрүлүүчү башка өсүмдүктөрдүн өстүрүүнүн ыкмалары жана жолдору жөнүндө билсек болот. Үй карагаты:Кыргызстанда кара,кызыл карагаттар өсөт.Аларда С жана П витаминдери башка жемиштерге караганда көп.Карагат семиз жерлерде жакшы өсүп,нымдуулукту жактырат.Карагаттын ар бир сабагын өзүнчө тамырлары менен бөлүп,бир катарга тигүү керек.Карагаттын сабактарын жерге көмүп,тамырлап өсүп чыкканда өз-өзүнчө кесип,башка жерге отургузуу керек.Узундуктары 30см калемче түрүндө кыйып,эки бүчүрүн топурактын үстүнө чыгаруу менен 45градуска кыйшайтып жерге көмүү керек.Отургузуу төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт:Эки катардын ички аралыгы 1,8м, ал эми көчөттөрдүн ортосу 0,6м, казылган чункурдун бийиктиги 20см, аралыктары 0,8-1 м болуш керек. Ар бир чункурга бирден чака кык салынып, 2-3 көчөт тигилет. Бир сезондо 6-8 жолу сугарылат. Жер семирткичтер күзүндө төмөнкү өлчөмдө жемиш байлоочу тарабына түбүнө:

5 кашык суперфосфат, 2 кашык аммиак селитрасы, 2 кашык калий тузунан турган аралашманы ар бир түпкө сээп чыгуу керек.Карагат отургузулган аянтка 1 м квадрат жерге 2 чакадан кык төгүү керек.

**Сабакты бышыктоо:**

1.Гүл өстүрүүчүлүк өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн кандай тармагы?

2.Гүл отургузуучу жайлардын формаларын атап бер.

3.Карагаттын кандай пайдалуу жактары бар?

4. Силердин бакчанарда карагат барбы?

**Практикалык иш:**

Гүлдөрдү отургузуунун жолдорун көрсөтүү.

Гүл өстүрүүчүлүк өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн бир тармагы.Бул багытта гүлдөрдүн көчөттөрүн көбөйтүп өсүрүү, букеттерди жасоо үчүн гүлдөрдүн түрүн өстүрүү сыяктуужумуштар жасалат.Гүл өстүрүүчүлүк 2 жол менен жүргүзүлөт:бөлмөдо гүл өстүрүүчүлүк,ачык талаада гүл өстүрүүчүлүк.

Гүлдөрдү өстүрүү технологиясына башка айыл чарба өсүмдүктөрүнө коюлуучу талаптар коюлат. Гүл өстүрүүдө сырткы чөйрөдөгү талаптарга:

Жарыкка,нымдуулукка,топуракка,азыктандырууга жана өстүрүүнүн ыкмаларына ылайыктоо керек.

Ачык талаада гүл отургузууда.

Гүл өстүрүүдө 2 жол бар.

1. Репродуктивдүү жыныстык
2. Вегатативдик

**Бактын көчөтүн отургузуунун эрежелери:**

1. Отургузуунун оптималдуу ордун белгилеп ал.
2. Көчөттүн тамырларына ылайыктап жерге көзөнөк жасап,оюп кой.
3. Казылган чункурдун түбүндөгү топуракты майдалап бошот.
4. Атайын кык аралаштырылган топуракты (жер семирткичтерди) даярда.
5. Тигилүүчү бакка жардам берүүчү казыкты кагып бекит.
6. Казылган чункурга көчөттү тууралап кой.
7. Кык аралашкан топуракты чункурга толтур.
8. Акырында сугар.

**Үйгө тапшырма**: 75-бет. Теманы окуп келүү.

**Окуучулардын билимин баалоо**.